«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик
университетинин илимий иштер
боюнча проректору, медицина
илимдеринин доктору, профессор
Осумбеков Б.З. ____________
«_17_» _____________ 2021-ж.

**Изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевич 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» темасында даярдалган социологиялык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата жетектөөчү мекеменин**

## ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу 23.00.02 - «саясий институттар, процесстер жана технология» жана 22.00.04 - «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер» адистиги боюнча саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Ар бир элдин руханий байлыгы көбүнчө өзүнүн тарыхый эс тутумун, улуттук жана маданий каада-салттарын сактоо жана өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бул көйгөйдү чечүүдө тарыхтын жана маданияттын баалуулуктарын чогулткан, сактаган, кайра жаңырткан, классификациялаган жана көргөзгөн музейлер маанилүү ролду ойнойт. Бардык учурларда улуттун калыптанышы үчүн музей өзгөчө руханий күчкө ээ болгон жана бүгүнкү күндө да анын ролу кайрадан актуалдуу болуп келүүдө. Бул улуттук жана маданий иденттүүлүктү өнүктүрүүдөгү коомдун муктаждыгынын жогорулашы, ар бир улуттун көптөгөн муундар топтогон

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДИ-104-20
«17» 11 2021 ж

руханий жана материалдык маданий тажрыйбаны өткөрүп берүүгө, сактоого жана көбөйтүүгө болгон умтулуусу менен шартталган.

Кыргызстандын музей ишинин тарыхы өлкөнүн тарыхый-маданий мурасынын бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан музей социологиясы жана музей иши жаатындагы ар кандай изилдөөлөрдү жалпылоо зарылдыгы келип чыкты жана бул контекст изилдөө темасынын актуалдуулугун да аныктайт.

Музей ишинин түптөлүшү жана өнүгүү процессине Кыргызстанда изилдөөчүлөр кызыккан эмес, ошого жараша бул темага талдоо жүргүзүлүп, жалпыланган эмес. Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргызстандагы музейлердин санын көбөйтүүгө эмес, алардын сапаттык мүнөздөмөлөрүн өнүктүрүүгө багытталган музейлер тармагын өнүктүрүү перспективаларын аныктоо зарылчылыгы менен күчөтүлөт. Андан сырткары музеологияны окуу дисциплинасы катары окутуу музей таануу боюнча адистерди даярдоо үчүн чоң мааниге ээ.

Ошентип, изилдөө темасынын актуалдуулугу азыркы коомдун муктаждыктарын канааттандырган музейди социалдык-маданий институт катары өнүктүрүүнүн зарылдыгы менен аны өнүктүрүүнүн так концептуалдык негиздери жоктугунун ортосундагы карама-каршылыктардан келип чыгууда.

Жогоруда айтылган көйгөйлөр жана кубулуштар теманын актуалдуулугун баса белгилейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, изденүүчү тарабынан жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөр музейлердин коомдогу ордун аныктоо алкагында Кыргызстандагы музей тармагынын өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин изилдөө үчүн абдан актуалдуу жана өз убагында болгондугу айкын.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктары.**

Изденүүчү Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясынын жыйынтыктары.

1. Музейдин социалдык институт катары өнүгүшүндөгү функционалдык өзгөрүүлөр аныкталган. Азыркы коомдо музейдин ролу жана мааниси бир топ өзгөргөн. Анткени дүйнөлүк масштабда коомдун жана аймактын ар кандай субъектилери менен диалог орнотууга багытталган музейдин жаңы - өткөөл модели калыптанып жатат. Заманбап музей ар кандай маданий мекемелердин кызматтарын бириктирген көп тармактуу институтка айланууда. Аймактык музейди бүткүл дүйнө жүзүндө өнүгүүнүн заманбап тенденцияларына ылайык модернизациялоо учурдун талабы болууда. Бул

модернизация ар кандай деңгээлде жүргүзүлүшү талап кылынып, аларга методологиялык жана концептуалдык, техникалык жана технологиялык, социалдык-маданий жана уюштуруучулук иштери кирет.

2. Музей социологиясынын жаңы интегралдык методологиясы. Музейди социалдык мекеме катары изилдөөнүн методологиялык деңгээли бир нече теориялык ыкмалардын интеграцияланышына негизделген жаңы методологияга кайрылууну болжолдойт. Бул аны ар тараптуу изилдөөгө мүмкүндүк берет. Бул методологияга институционалдык (музей социалдык институт катары, заманбап коомдогу жана аймактагы музейдин өзгөрүүчү кызматтарын изилдөө), коммуникативдик (музей коммуникативдик аянтча жана ар кандай предметтердин байланыштары үчүн диалогдук мейкиндик катары), чөйрөлүк (анын алкагында музей чөйрөсү жана анын музей көрүүчүгө тийгизген таасири изилденет). Музейлерди изилдөө боюнча интегративдик методология ар кандай дисциплиналык негиздерди чечүүнү да камтыйт. Байланыш теориясынын, семиотиканын, маалымат теориясынын жана системалык методологиянын принциптерине негизделген музей жөнүндө концептуалдык идеялар оригиналдуу маданий борборлордун ролун ойногон жергиликтүү музейлердин өнүгүшү музей феноменинин маданият системасындагы ордун жана ролун жаңыча баалоого мүмкүндүк берет.

3. Социалдык институт катарында музейдин өнүгүүсүнүн регионалдык өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталган. Кыргызстан элдеринин өзгөчө (көчмөн) жашоо шарттарын эске алганда, музей социалдык институт катары бул аймакта өз алдынча иш жүргүзгөн эмес жана XX кылымдын башында Россиядан “экспорттолгон”. Россиянын музейлеринин тажрыйбасы, алардын концептуалдык багыттары жана уюштуруу маданияты Кыргызстанда музейлерди түзүүнүн контексти болгон. Башка автономиялык түзүлүштөр менен катар, Кыргызстанда Совет бийлигинин бардык жылдарында музей улуттук маданий турмуштун формасы катары мааниге ээ болду. СССРдин кризис мезгилинде (1990-жылдардын башы) Кыргызстандагы музейлердин ишмердүүлүгү жаңы көз карандысыз мамлекет катары бир аз басаңдаган. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы музейлердин ролу түп тамырынан башкача каралып, аларды өнүктүрүүнүн алдыңкы факторлору катары саясий, социалдык-экономикалык, жалпы маданий, улуттук-маданий, идеологиялык болуп саналат.

4. Музейдин азыркы образы, анын милдеттери жана кызматтары такталган. Эмпирикалык изилдөөлөрдүн маалыматтарына таянып, заманбап музей көп кызматтуу социалдык институтка айланган деген тыянак чыгарылып, ал муундардын руханий тажрыйбасын жана маданий мурастарды сактоо жана өткөрүп берүү салттуу кызматтарын сактаган. Ошол эле учурда музейлердин жаңы пайда болгон кызматтары да такталып, аларга коомдун, аймактын, айрым топтордун жана жамааттардын, ошондой эле үй-бүлөлөрдүн интеграциялоо кызматы, улуттук иденттүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү кызматтары, коомдун, аймактын ар кандай субъекттеринин ортосундагы байланыш кызматын, музейдин билим берүү жана өзүн-өзү

тарбиялоочулук, агартуучулук кызматтары, илимий-изилдөө кызматын алдыңкы катарда белгилеп өткөн.

5. Аймакта музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорун жана багыттарын төмөнкүлөр түздү: калк арасында музейдин агартуу иштерин күчөтүү, билим берүү жана илимий изилдөө кызматтарын өнүктүрүү, музей ишинин жаңы формаларын иштеп чыгуу, музей ишинде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу, кадрлардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу, музей көрүүчүлөрү менен "кайтарым байланышты" уюштуруу, тармакты кеңейтүү жана өнөктөштүк деңгээлин терендетүү, музейлердин техникалык жабдууларын жаңылоо ж.б.у.с.

6. Музейди өзгөрүлмө коомдогу социомаданий институт катары өнүктүрүү концепциясы иштелип чыккан. Ага ылайык өз ара байланышкан төрт блоктун болушун болжолдойт: методологиялык, мазмундук, усулдук, критерийлик (баалоочулук). Методологиялык блок системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салууларды айкалыштырган интегралдык мүнөзгө негизделген. Мазмундук блок музейлерди жана музей ишмердигин өнүктүрүү багыттарын жана иш-чараларын камтыйт. Методикалык блок музей ишмердигинин субъектилеринин ортосундагы социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө негизделген. Критерийлик-баалоочу блок музей ишинин өнүгүшүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлерин жана аларды баалоонун көрсөткүчтөрүн камтыган.

Диссертациялык иште музейлер тармагынын заман талабына жараша иш алып баруусуна аныктама берет. Ага ылайык бир нече пункттарда тийиштүү иш-чаралардын аткарылышы боюнча маанилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон актуалдуу маселелер каралган.

Диссертацияда анын илимий жаңылыгын мүнөздөгөн натыйжалар берилген. Атап айтканда, коомдогу музейлердин учурдагы абалы жана тенденциялары аныкталган.

Изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары музейлердин азыркы учурдагы кырдаал жана шарттарга ылайык изилдөөсү менен байланышып, аны тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет жана алынган натыйжалар тийиштүү артыкчылыктуу теориялык же колдонмо көйгөйдү чечүү жолу катары квалификацияланат.

**1 - жыйынтык.** Диссертант азыркы музей ишмердүүлүгүн коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде карап, анын жыйынтыгы катары музейлер Кыргызстанда тарыхый-маданий мурастарды жайылтуунун түзүмүн өзгөрткөнүн жана коомдук түзүмдүн өзгөрүшүнө жараша анын аткарган милдеттери (функциялары) такталган. Ошол себептен социологиянын түзүмдүк жана функционалдык парадигмаларынын негизинде илимий талдоо жүргүзгөн.

**2 - жыйынтык.** Автор өлкөбүздүн тарыхында бир кылым мурда пайда болгон музей институту бүгүнкү өзгөрүлмөлүү коомдо өз маанисин жоготпой, тарыхый-маданий мурастарды изилдөө, сактоо жана аны элге жайылтуу иштерин канааттандырарлык деңгээлде аткарып жаткандыгын

тактаган. Ошол эле учурда музей тармагындагы эң орчундуу деп эсептелген маселелерди тез арада чечүү жана замандын талабына жараша жаңы деңгээлге алып чыгуу талаптарын койгон.

**3 - жыйынтык.** Автор ааламдашуу жараяны тездик менен жүрүп жаткан коомдо элдердин өзүнүн тарыхый өзгөчөлүгүнө карай маданиятын калыптандыруу, патриоттук сезимдерин өстүрүү жана руханий дүйнөсүн байытууда жаңы технологиялардын негизинде иш алып баруу зарылдыгын белгилеген. Ошол эле учурда региондордо иштеп жаткан музейлер элдердин маданий эс алуусунда өз ордун таап, өнүгүп келе жатканын аныктаган. Эң негизгиси коомчулук менен иш алып барууда ар бир музей өзүнүн профилине жана жайгашкан жериндеги элдердин тарыхый өзгөчөлүгүнө басым жасашы керектигин айткан.

**4 - жыйынтык.** Автор региондогу музейлерде өнүккөн өлкөлөрдүн бай тажрыйбасын колдонуу менен маданий иш чаралардын деңгээлин көтөрүү, келечек ээлери болгон жаштарды музей иш чараларына көбүрөөк тартуу керектигин тактаган. Ал үчүн перспективдүү пландарды иштеп чыгып, мамлекет тарабынан да колдоо көрсөтүү зарылдыгын баса белгилеген.

**5 - жыйынтык.** Автор изилдөөсүнүн негизинде музейдин Кыргызстандагы социалдык мекеме катары өнүгүшүнүн факторлорун жана өзгөчөлүктөрүн аныкталган. Бул өзгөчөлүктөр музей өз алдынча көрүнүш катары пайда болбой, советтик практикадан улуттук негизге өткөрүлүп берилгендигинде. Дал совет доорунда музей республиканын аймагында кеңири өнүккөн. Ал кыргыз элинин улуттук жана маданий өзгөчөлүктөрү, менталитети, ошондой эле, биздин аймактын жашоо образынын өзгөчөлүктөрү менен шартталган. Демек, заманбап коомдо музейди өнүктүрүүдө бул факторду эске алыш керек, анткени музейди биздин калк биринчи кезекте, улуттук маданият жана коңшу аймактардын маданияты менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү катары түшүнөт. Менталитеттен бөлүнүү, жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске албастан жаңы дүйнөлүк тажрыйбаларды кыргыз элине өткөрүүгө умтулуу оң натыйжаларды бербестигин айтып, Кыргызстандагы музейдин жана музей ишинин өнүгүшү ушул компонентти эске алышы керектигин аныктаган.

**6 - жыйынтык.** Автор музейлер коомдун маданий турмушундагы активдүү институт катары иш жүргүзүүгө толук мүмкүнчүлүктөрү жана шарттары бар экендигин аныктап, бирок бул потенциалдар толук пайдаланылбай жатканын айткан. Аны ишке ашыруу мамлекеттин жана коомчулуктун приоритеттүү багыттарында туруусу керектигин негиздейт.

**3. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк деңгээли.**

Диссертант тарабынан алынган натыйжалар мазмунунун ички биримдиги, материалды сунуштоонун логикалык ырааттуулугу жана илимий

иштин бөлүмдөрүнүн өз ара байланышы менен мүнөздөлөт. Жалпысынан, автор заманбап коомдогу музейлердин ролуна арналган маселелер боюнча мамлекеттин тарыхый-маданий мурастар боюнча саясатынын маселелерин изилдөөдө ар тараптуу жана тутумдуу изилдөө жүргүзүүгө жетишкен.

Х.Х. Ибайдуллаевдин изилдөөсүндө алынган натыйжалары диссертациянын бөлүмдөрүнүн негизги мазмунун чагылдырат жана процессте маданий башкаруу тутумун изилдөө чөйрөсүндө теориялык жана методологиялык негиз менен камсыздалган ишенимдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө илимий таануу методикасы, автордун социологиялык изилдөөлөрүндө колдонулган, көрсөтүлгөн көйгөйлөргө байланыштуу көптөгөн адабияттар жана башка булактар колдонулган.

Диссертацияда баяндалган жоболордун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү мамлекеттик маданий институттардын иштөө чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди системалуу талдоо менен аныкталат жана ар кандай изилдөө методдорун колдонуунун жетиштүү деңгээли шек туудурбайт.

Диссертацияда жаңы илимий натыйжаларды негиздеген, анын ишенимдүүлүгү социология илиминин өнүгүшү үчүн белгилүү бир мааниге ээ. Колдонулган методдор менен корутундуларды, илимий жоболорду негиздөө болгон.

**4. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

Диссертант ата мекендик социологиялык илимдердин деңгээлинде биринчи жолу музейлердин коомдогу ордуна жана келечектеги өнүгүшүнө ар тараптуу талдоо жүргүзгөн. Жаңы статус менен төмөнкү натыйжалар алынган:

1. Жаңы, анткени Кыргызстанда жаңы пайда болгон социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу музейлердин коомдогу ар кандай шарттарга дуушар болуусунун себептери илимий талдоого алынган.

2. Жаңы, анткени Кыргызстандагы музейлер тармагы боюнча институттардын социалдык механизмдери илимий изилдөөгө алынган.

3. Жаңы, анткени биринчи жолу Кыргызстандагы музейлер тармагынын өзгөрүлмөлүү коомдогу орду боюнча социологиялык талдоонун негизинде илимий аныктоолор берилген.

4. Жарым-жартылай жаңы, анткени музей тармагындагы өткөөл процессиндеги көйгөйлөр аныкталган.

5. Жаңы, музейлердин коомдогу кызматын аткаруу процессиндеги кыйынчылыктары жана кемчиликтери каралган.

6. Жаңы, анткени коомдогу музейлердин замандын талабына жараша иштөөгө болгон мамилеси боюнча иш чараларды көрүү жана келечек багыттары иштелип чыккан.

**5. Актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык тапшырмаларды чечүү үчүн алынган жыйынтыктардын ички бүтүндүгүн жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертациялык изилдөө белгилүү бир логикалык ырааттуулукка ээ. Изилдөөнүн ички биримдиги максатты ар тараптуу аныктоо жана изилдөөнүн негизги милдеттерин түзүү менен камсыздалат.

Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, сегиз бөлүмдөн, корутундудан, тиркемелерден жана библиографиядан турат. Диссертациялык ишти жаңы жыйынтык катары мүнөздөсө болот, анын корутундулары социологиянын ушул багыттагы жалпы теориялык принциптерин байытып, толуктап турат.

Практикада жүзөгө ашыруу үчүн, Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темада автордук диссертациялык ишин колдонуу сунуш кылынат. Кыргыз коомчулугу үчүн актуалдуу жана практикалык жактан кызыктуу жана маанилүү. Анткени биздин өлкөдө музейлердин келечектеги өнүгүү динамикасы жогору.

Илимий - изилдөө ишинин жүрүшүндө диссертант музейлердин учурдагы абалы жана учурдагы көйгөйлөрү жөнүндө керектүү маалыматтарды жана негизги изилдөөлөрдүн натыйжаларын, ошондой эле аларды өзгөрүп жаткан коомдун талаптарынын алкагында Кыргызстанда музей ишинин келечектеги өнүгүшүнүн методдору жана технологияларына, жалпы эле музейлердин иштөө сапатына реформа жасоону жөнгө салуу боюнча натыйжалуу методдорду жана механизмдерди аныктады. Диссертант сунуш кылган корутундулар жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасында натыйжалуу маданият саясатын курууда жана пландаштырууда колдонулушу мүмкүн.

**6. Алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселени, теориялык жана колдонмо маселени чечүүгө багытталышы.**

Диссертацияда бир катар жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор, корутундулар жана практикалык сунуштар камтылып, ички биримдикке ээ, бул автордун социологияга кошкон жеке салымын көрсөтөт.

Диссертациянын натыйжалары изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор музей ишмердүүлүгүнө арналган маселелер боюнча мамлекеттик музей иши саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Социологиялык изилдөө маалыматтары билим берүүнү изилдөө боюнча илимий изилдөөлөрдө келечекте колдонулат. Изилдөөнүн натыйжалары жана

сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин ишин оптималдаштыруу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Ошондой эле келечекте музейлер тармагындагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, музей ишиндеги методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, коомдун руханий баалуулугун жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын, жарыялануусун ырастоо.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий - практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 11 илимий макаласы, анын ичинен 4 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Х.Х. Ибайдуллаевдин берген автореферати диссертациянын мазмунуна туура келет, ошондой эле негизги жоболорду, корутундуларды жана практикалык сунуштарды чагылдырат. Авторефератта үч тилде аналогиялык кыскача резюме келтирилген.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Диссертациянын ишине оң баа берүү менен, айрым кемчиликтерди жана сунуштарды белгилеп кетүү керек.

1. Мамлекеттик идеологияга байланышкан программаларды иштеп чыгуудагы музейлердин кызматы изилденсе иштин мазмуна оң таасир бермек.

2. Ар бир бөлүмдөн кийин тыянактар болду, бирок бир кыйла салмактуу тыянактарды жасоо керек, анткени бул кандидаттык диссертациянын негизги шарттарынын бири.

3. Диссертациялык иштин техникалык жана стилистикалык жасалгаланышына көңүл буруу керек.

4. Бул диссертациялык ишти илимий иш боюнча калтырбастан жогорку окуу жайларына жана окуу процесстеринде маалымат катарында сунуштаса болот.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан жогорку баага татыктуу, көлөмдүү жумуш аткарылган.

**10. Диссертациянын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун" талаптарына туура келиши.**

Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Музей

өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын Кыргыз Республикасынын УАКнын "Илимий даражаны берүү тартиби жөнүндө жобосунун" талаптарына жооп берген илимий эмгек.

Автордун диссертациялык ишинде социологиялык илимдин өнүгүшүнө белгилүү бир салымын кошо алган жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор камтылган, ошондуктан Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Жетектөөчү уюмдун пикири Ош мамлекеттик университетинин «Философия жана политология» кафедрасында кеңейтилген жыйынынын 2021-жылдын 17-ноябрындагы №3 токтомунун негизинде талкууланган.

**Отурумдун төрагасы,**

**Ош мамлекеттик университетинин**
**«Философия жана политология»**
**кафедрасынын профессорунун м.а.,**
**философия илимдеринин доктору:** **Курбанбаев К.А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Отурумдун катчысы:** **Ысманова Г.**

Ош МУ
Тастыктаймын
2021 ж. «17» 11
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.